# КОРРУПЦИЯГА КАРШЫ АРАКЕТТЕНҮҮ САЯСАТЫ:

Борбордук шайлоо комиссиясынын коррупцияны алдын алуу боюнча иш-чаралары




*Коррупцияны алдын алуу маселелери боюнча ыйгарым укуктуу*
*Шерипбаев Б.А.*

# КОРРУПЦИЯГА КАРШЫ АРАКЕТТЕНҮҮ

- **Коррупция менен күрөшүү**
  коррупциялык укук бузууларды табуу, аларга бөгөт коюу, ачуу жана териштирүү

- **Коррупциянын алдын алуу**
  коррупциялык тобокелчиликтерди аныктоо жана анын себептерин четтетүү

***Коррупция (КЖ Кодекси, 336-берене)***

*Материалдык, ар кандай башка байлыктарды жана артыкчылыктарды мыйзамсыз алуу, ошондой эле коомдун жана мамлекеттин кызыкчылыгына коркунуч келтирүүчү жеке адамдарга жана юридикалык жактарга бул байлыктарды жана артыкчылыктарды берүү максатында бийлик ыйгарым укугуна ээ болгон бир же бир нече кызмат адамдарынын айрым жактар же топтор менен укукка жат туруктуу байланыш түзүшүндө турган атайлап жасалган аракеттер.*

# КОРРУПЦИЯ МЕНЕН КҮРӨШҮҮ

## 2024-Ж, 31-ДЕК. КЖКГА ТОЛУКТООЛОР:

- 336-343-б.; 344-б. 2, 3, 4-б.; 345-б. 2, 3-б.; 346-348-б.боюнча сот тарабынан күнөөлүү деп табылган жаранга мамлекеттик ж/а муниципалдык кызмат орундарын ээлөөгө өмүр бою тыюу салынат (63-б., 2-1 б.)

- коррупциялык кылмыш жасагандыгы үчүн айып пул салууну белгилеген талаптар алынып салынган (65-б., 3,4-б.)

- күнөөнү моюнга алып, материалдык зыянды толук төлөп берген учурда жазанын мөөнөтүнүн жарымынан кем эмес убакытка эркинен ажыратылат (79-б., 11-б.)

- мүлкүн конфискациялоо менен бирге 2 жылдан – 15 жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратуу чарасы бекитилген

**Глава 42. Коррупционные и иные преступления против интересов государственной и муниципальной службы**

- Статья 336. Коррупция
- Статья 337. Злоупотребление должностным положением
- Статья 338. Превышение власти
- Статья $338^{1}$. Воспрепятствование законной предпринимательской деятельности
- Статья 339. Заключение заведомо невыгодного контракта
- Статья 340. Незаконное обогащение
- Статья 341. Участие должностного лица в предпринимательской деятельности
- Статья 342. Получение взятки
- Статья 343. Вымогательство взятки
- Статья 344. Посредничество во взяточничестве
- Статья 345. Дача взятки
- Статья 346. Служебный подлог
- Статья 347. Незаконная выдача паспорта
- Статья 348. Халатность

# КОРРУПЦИЯГА ТҮРТКҮ БЕРҮҮЧҮ ФАКТОРЛОР

**ТЫШКЫ/СИСТЕМАЛЫК**:
мыйзамдардын жетишсиздиги, коррупциянын жалпы деңгээли

**ЖУМУШТАГЫ**:
отчеттуулуктун жетишсиздиги, ички мониторинг/аудит системасынын начар иштеши

**ИЧКИ**:
жоопкерчиликтин так бөлүштүрүнүн жоктугу, ички көзөмөлдөө механизмдеринин начар иштеши, уюштуруу деңгээлинин төмөндүгү

**ЖЕКЕ**:
материалдык муктаждык, кызматтык абалынан кыянат пайдалануу азгырыгы, кызыкчылыктар кагылышы, мыйзамдуулук жана этика боюнча жетишсиз түшүнүк

# МЫЙЗАМДАР

***Мыйзамдар:***

- «Коррупцияга каршы аракеттенүү жөнүндө»
- «Коррупциялык укук бузуулар тууралуу билдирген адамдарды коргоо жөнүндө»
- «Кызыкчылыктардын кагылышуусу жөнүндө»
- «Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө»

***КР Президентинин*** *«2025-2030-жылдарга Кыргыз Республикасында коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча мамлекеттик стратегия жөнүндө» 2024-жылдын 5-июнундагы* ***№ 137 Жарлыгы:***

- көйгөйлөр, максаты, аткаруу механизмдери, күтүлгөн жыйынтыктар
- 1-этап 2025-27 жж., 119 иш-чара камтылган, БШКга т.тиешелүүсү – 4
- аткарылышын баалоо бир жылда 4 жолу жүрөт(кварталдык отчет)

# 2025-2027-Ж.Ж. КОРРУПЦИЯНЫ АЛДЫН АЛУУ БОЮНЧА ИШ-ЧАРАЛАР ПЛАНЫ

## 20 пункттан (милдеттерден) турат:

- шайлоо мыйзамдарына коррупциялык тобокелдиктерди жокко чыгарууга багытталаган өзгөртүүлөрдү киргизүү – 2
- маалыматтык шайлоо системасын (ИИС) өнүктүрүү – 4
- шайлоону каржылоонун ачык-айкындуулугун камсыз кылуу – 1
- шайлоонун коопсуздугун ж/а мыйзамдуулугун камсыз кылуу– 2
- аппарат кызматкерлеринин компетенциясын жогорулатуу -2
- АШК, УШК мүчөлөрүн окутуу – 6
- шайлоочулардын укуктук маданиятын жогорулатуу – 2 милдет
- маалыматтык коштоо – 1 милдет

# ЧЕНЕМДИК УКУКТУК АКТЫЛАРГА ТОЛУКТООЛОР

“КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНДАГЫ **КЫЗЫКЧЫЛЫКТАРДЫН КАГЫЛЫШУУСУ ЖӨНҮНДӨ**” ЖОБО (№25 БШКнын ТОКТОМУ, 10-АПР. 2025-ж.):

- БШКнын мүчөлөрүнүн ыйгарым укуктарын ишке ашырууда келип чыгуучу кызыкчылыктардын кагылышуусун жөнгө салуу тартиби, чектөөлөр жана жоопкерчиликтер такталган

“КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА **БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН АППАРАТЫ ЖӨНҮНДӨ**” ЖОБО (№34 БУЙРУК, 19-МАЙ, 2025 –Ж.)

- “ Аппарат жетекчиси коррупцияны алдын алууну камсыз кылуучу ченемдердин жана чаралардын бирдиктүү системасын түзөт жана анын иштешин камсыз кылуу боюнча чара көрбөгөндүгү үчүн тиешелүү жоопкерчилик тартат ” (3-глава, 11-1 пункт)

- “ Коррупцияны алдын алуу маселелери боюнча тийиштүү чараларды иштеп чыгат (аппарат жетекчиси менен макулдашуу аркылуу), анын аткарылышын камсыз кылат жана тиешелүү жоопкерчилик алат ” (3-глава, 16 пункт)

**МИЛДЕТТҮҮ ТҮРДӨ АТКАРЫЛА ТУРГАН ТАЛАПТАР:**

- КЫЗМАТКА КИРҮҮДӨ ЖЕКЕ КЫЗЫКЧЫЛЫКТАР ТУУРАЛУУ ДЕКЛАРАЦИЯ БЕРҮҮ
- КЫЗЫКЧЫЛЫКТАРДЫН КАГЫЛЫШЫН АЛДЫН АЛУУ ҮЧҮН КЕРЕКТҮҮ МААЛЫМАТТЫ БЕРҮҮ
- КЫЗЫКЧЫЛЫКТАРДЫН КАГЫЛЫШЫ АНЫКТАЛГАНДА, 3 ЖУМУШ КҮНҮ ИЧИНДЕ ЖЕТЕКЧИЛИККЕ ЖАНА ЭТИКА КОМИССИЯСЫНА КАБАРЛОО

**Кызыкчылыктардын кагылышуусу** – кызматкердин жеке кызыкчылыгы анын кызматтык милдеттерин тийиштүү, объективдүү жана калыс аткаруусуна таасир эткен же таасир этиши мүмкүн болгон жагдай.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ**

2017-жылдын 12-декабры № 206 (11)

**Кызыкчылыктардын кагылышуусу жөнүндө**


2017-жылдын 7-декабрында

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынган

**1-глава. Жалпы жоболор**


**1-берене. Ушул Мыйзамдын максаттары**

Ушул Мыйзам мамлекеттик, муниципалдык жана ушул Мыйзамда каралган башка кызмат орундарын ээлеген адамдардын ишинде кызыкчылыктардын кагылышуусун башкаруунун уюштуруучулук жана укуктук негиздерин аныктайт жана алардын ишинде кызматтык милдеттерди аткарууда өздүк (жеке) кызыкчылыктарды (таламдаштыкты) жокко чыгаруучу коомдук кызыкчылыктарды камсыз кылууга багытталган.



**Тыюу салуулар жана чектөөлөр:**

- жакын туугандардын биринин түз карамагында иштөөсү
- белектерди кабыл алуу (10 э.к.)
- акы төлөнүүчү башка ишмердик менен алектенүү
- уюмдардын башкаруу органдарына катышуу
- баалуу кагаздарды сатып алуу жана аларга ээлик кылуу




# ЭТИКА КОДЕКСИ

МАМЛЕКЕТТИК КЫЗМАТЧЫГА ЭТИКАНЫН ПРИНЦИПТЕРИН ЖАНА НОРМАЛАРЫН САКТОО **МИЛДЕТТҮҮ ШАРТ** БОЛУП САНАЛАТ.

КЫЗМАТТА КӨТӨРҮЛҮҮДӨ, БААЛОО ЖҮРГҮЗҮҮДӨ, КАДРЛАР РЕЗЕРВИН ТҮЗҮҮДӨ **ЭСКЕ АЛЫНУУСУ ШАРТ**.

ЭТИКА КОДЕКСИНДЕ ЖӨНГӨ САЛЫНБАГАН МАСЕЛЕЛЕР БОЮНЧА ЖАЛПЫ КАБЫЛ АЛЫНГАН **ЖҮРҮМ-ТУРУМ НОРМАЛАРЫ КОЛДОНУЛАТ**.



Мамлекеттик жарандык
кызмат жана муниципалдык
кызмат боюнча кеңештин
2016-жылдын 19-августундагы
№ 43 токтому менен
бекитилди

**Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларынын этикасынын КОДЕКСИ**

*(Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат боюнча кеңештин 2017-жылдын 14-августундагы № 38 токтомунун редакциясына ылайык)*

**1-глава.**
**Жалпы жоболор**

**1. Мыйзамдар**

1. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларынын этикасынын кодекси (мындан ары - Этика кодекси) Кыргыз Республикасынын Конституциясына, Мамлекеттик кызмат адамдарынын жүрүм-турумунун эл аралык кодексине (Бириккен Улуттар Уюмунун Башкы Ассамблеясынын 1996-жылдын 12-декабрындагы 51/59 Резолюциясы), коррупцияга каршы аракеттенүү, мамлекеттик жана муниципалдык кызмат боюнча маселелерин жөнгө салган Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык иштелип чыккан, ошондой эле коомдун жана мамлекеттин жалпыга таанылган ахлак-адептүү принциптери менен ченемдерине негизделген.

2. Этика кодекси администрациялык кызмат орундарын ээлеген Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларына (мындан ары - кызматчылар) жайылтылат.

**2. Мамлекеттик жана муниципалдык кызматчылардын этикасынын түшүнүгү**

3. Кызматчылардын этикасы - мамлекеттик башкаруу жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында кызмат орундарын ээлеген адамдардын моралдык, маданий жана кесиптик көрүнүшүнө карата коомдун талаптарын чагылдырган жүрүм-турум ченемдеринин жана эрежелеринин жыйындысы.

**3. Кызматчылардын этикасынын максаттары жана принциптери**

4. Этика кодексинде кызматчылар үчүн этика ченемдери төмөнкүдөй максаттарда белгиленет:
- кызматчылардын аң-сезимине коомго жана мамлекетке кызмат кылуунун жогорку ахлак-адептүү принциптерин калыптандыруу;
- жарандардын кызматчыларга болгон ишенимин чыңдоо;
- Кыргыз Республикасынын мамлекеттүүлүгүн чыңдоонун негизи катары бийликтин кадыр-баркын жогорулатуу.

5. Кызматчылардын этика принциптери төмөндөгүлөр болуп саналат:
- чынчылдыгы жана ак ниеттүүлүгү;
- жүрүм-турумда жөнөкөйлүүлүгү жана токтоолугу;
- кызматтык милдеттерин аткарууда ак ниеттүүлүгү, жоопкерчиликтүүлүгү жана кесипкөйлүгү;
- этика ченемдерин бузуу фактыларына карата келишпөөчүлүгү.

6. Кызматчылардын этика принциптерин жана ченемдерин сактоосу алардын кызмат өтөөдөгү милдеттүү шарты болуп саналат жана кызматта көтөрүүдө, баа берүүдө, кадрлар резервин түзүүдө эске алынат.

7. Ушул Этика кодекси менен жөнгө салынбаган маселелер боюнча жүрүм-турумдун жалпы кабыл алынган ченемдери колдонулат.

**4. Мамлекеттик жана муниципалдык кызматчынын этикасынын негиздери**

8. Этика кодекси төмөнкүдөй негизги жоболорду камтыйт:
- кесиптик милдеттүүлүгүн;
- коррупцияны алдын алуусун;
- жүрүм-турум маданиятын.

**2-глава.**
**Кесиптик милдеттер**

**5. Мамлекеттик жана муниципалдык кызматчынын кесиптик милдеттери**

9. Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат өтөөдө кызматчы төмөнкүлөргө милдеттүү:


- *2025-ж. БШКнын аппаратынын кызматкерлеринин* ***этика маселелери боюнча Комиссия*** *кайрадан жаңы курамда түзүлдү. Комиссиянын иштөө нускамасы ж/а иш планы даярдалууда.*


- *Негизги* ***максаты*** *кызматкерлер арасында адептүүлүк маданиятын калыптандырууга, кесиптик этиканы сактоого жана кызыкчылыктардын кагылышуусун алдын алууга көмөктөшүү.*

# КОРРУПЦИЯЛЫК ТОБОКЕЛДИКТЕР







КР шайлоо жана референдум ө
https://www.shailoo.gov.kg/kg/
Кыргызча Русский
ШАЙЛООЧУЛАРДЫН ПОРТАЛЫ "ТИЗМЕ"
МААЛЫМАТТЫК ШАЙЛОО ТУТУМУ
РЕЕСТРЛЕР
КАЙРЫЛУУ ЖӨНӨТҮҮ
КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫ
ТЫНЫМСЫЗ БАЙЛАНЫШ
1255; 0(312)660240
БАШКЫ БШК ШАЙЛООЧУЛАР ТАЛАПКЕРЛЕР МЫЙЗАМДАР БШКНЫН ЧЕНЕМДИК УКУКТУК АКТЫЛАРЫ ШАЙЛОО РЕФЕРЕНДУМ БАЙЛАНЫШУУ
Май 20, 2025
Кыргызстандын БШК төрагасы ТМУнун шайлоо органдарынын Консультативдик платформасынын биринчи жыйынына катышты
БШК МААЛЫМДАЙТ
КЕҢЕНИРЭЭК БИЛҮҮ
ЖАҢЫЛЫКТАР
20.05.2025
КР БШКнын төрагасы Т.Шайназаров ЕККУнун Улуттук азчылыктар боюнча Жогорку комиссары К.Камп менен жолугушту
18.05.2025
КР БШКнын өкүлдөрү тынчтык жана өнүгүү боюнча Стокгольм 2025 форумуна катышты
14.05.2025
КР БШКнын төрагасы Түркстан шаарында өткөн Түрк мамлекеттер уюмуна мүчө мамлекеттердин Борбордук шайлоо органдарынын Консультативдик платформасынын биринчи жыйынына катышты
ШАЙЛООЛОР ГРАФИГИ
ШАЙЛООНУН КАЛЕНДАРЫ
Поиск
32°C Mostly sunny
15:29
29.05.2025


Кыргызча Русский
ШАЙЛООЧУЛАРДЫН ПОРТАЛЫ "ТИЗМЕ"
МААЛЫМАТТЫК ШАЙЛОО ТУТУМ
КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫ
БАШКЫ БШК ШАЙЛООЧУЛАР ТАЛАПКЕРЛЕР МЫЙЗАМДАР БШКНЫН ЧЕНЕМДИК УКУКТУК АКТЫЛАРЫ
Башкы » Коррупцияга каршы күрөшүү
Коррупцияга каршы күрөшүү
Укуктук-ченемдик актылар
Коррупцияга каршы күрөшүү үчүн көрсөтмөлөр, методикалык материалдар, талдоолор
Пресс-релиздер
-
-
2025-2030-жылдарга Кыргыз Республикасында коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча мамлекеттик стратегияны ишке ашыруу Планы
2025-2030-жылдарга Кыргыз Республикасында коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча мамлекеттик стратегияны ишке ашыруу боюнча Отчету


ДМЧА
ФИНАНСЫЛЫК АЧЫК-АЙКЫНДУУЛУК
БШКНЫН АЧЫК МААЛЫМАТТАРЫ
КОРРУПЦИЯГА КАРШЫ КҮРӨШҮҮ
ЖӨБОНУН БАШЧЫЛАРЫНЫН, ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТЕРДИН ДЕПУТАТТАРЫНЫН ТИЗМЕСИ
КР БШКГА – 30 ЖЫЛ